Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№32 [17028] ИШЕМБИ, 17/10/2026

МЕНИН МАКСАТЫМ - АЙЫЛДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ



4-бетте

Окумуштуулар Арстанбап жаңгак токоюн ЮНЕСКОго киргизүү демилгесин кайрадан көтөрүшүүдө



3-бетте

Кара-Таш айыл өкмөтүндөгү арымдуу аракеттер



5-бетте

Ийгилиги арбыган Мыктыбек Оролбай уулу



7-бетте

ЧОҢ-АЛАЙДА СПОРТКО КӨҢҮЛ БУРУЛУУДА



8-бетте

Президент Садыр Жапаров чек ара комплексин ачты





Кыргыз Республикасынын Президенти, Куралдуу Күчтөрдүн Башкы колбашчысы Садыр Жапаров Ош шаарындагы 2024 аскер бөлүгүнүн аймагында жайгашкан Мамлекеттик чек ара кызматынын Ош облусу боюнча башкармалыгынын жаңыланган комплексинин ачылышына катышты.

Чек ара инфраструктурасын жаңылоонун алкагында аскер шаарчасы толук реконструкцияланды. Штаб, казарма, ашкана, медпункт, спорт зал, клуб, кампалар, автопарк капиталдык оңдоодон өттү. Аскер кызматчылары үчүн көп кабаттуу жатакана, мончо-кир жуучу комплекс, кичи футбол аянтчасы, теннис корту, машыгуу аянтчалары курулду. Ошондой эле ички жолдор, жарыктандыруу, тосмолор жаңыртылып, аймак көрктөндүрүлдү.

Иш-чарага Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев, Ош шаарынын мэри Жанарбек Акаев, Мамлекеттик чек ара кызматынын төрагасы, генерал-майор Данияр Сатимов жана аскер кызматчылары катышышты.

СЕН ӨМҮРДҮН ЧЫРАГЫСЫҢ, АЯЛЗАТ!

Ошто аялдардын ден соолугун коргоо, онкологиялык оорулардын алдын алуу жана калк арасында медициналык маалымдуулукту жогорулатуу максатында «Кызгылт октябрь» аталышындагы бир айлык акциянын алкагында «Сен өмүрдүн чырагысың, аялзат!» темасында тегерек стол өткөрүлдү. Иш-чара № 2 үй-бүлөлүк медицина борборунун дарыгерлер тобу тарабынан уюштурулуп, ага саламаттык сактоо тармагынын өкүлдөрү жана ар кайсы тармакта эмгектенген активдүү айымдар катышты.



Тегерек столдун негизги максаты — аялдар арасында онкологиялык оорулардын алдын алуу боюнча маалымдуулукту жогорулатуу, ооруларды эрте аныктоонун маанилүүлүгүн түшүндүрүү жана аялзатына комплекстүү медициналык-психологиялык колдоо көрсөтүү. Иш-чаранын жүрүшүндө уюштуруучу топтун өкүлдөрү сөз сүйлөп, аялдардын ден соолугуна кам көрүүнүн жана онкологиялык оорулардын алдын алуунун маанисине токтолушту.

Андан соң Ош шаарынын саламаттыкты сактоо координаторунун орун басары Ш. М. Кожобекова жана Ош облустар аралык онкология борборунун директорунун орун басары А. О. Айдаров сөз сүйлөп, аялдардын ден соолугун сактоо, онкологиялык ооруларды алдын алуу жана аларды эрте аныктоонун маанилүүлүгү тууралуу ой бөлүшүштү.

Ошондой эле иш-чаранын коногу, Ош мамлекеттик университетинин социалдык долбоорлор боюнча өкүлү Шарипова Мастурахан Сайпидиновна сөз сүйлөп, аялдардын коомдогу орду жана алардын ден соолугуна кам көрүүнүн мааниси тууралуу пикирин билдирди. Андан сырткары аялзатынын ден-соолугуна кайдыгер карабаган активдүү бир катар өкүлдөр сөз сүйлөштү.

Жолугушуунун кийинки бөлүгүндө дарыгерлер тарабынан онкологиялык оорулардын алгачкы белгилери, аларды өз убагында аныктоо жана алдын алуу жолдору тууралуу маалыматтар слайддардын коштоосунда көрсөтүлдү. Катышуучуларга оорунун белгилерине кайдыгер карабоо, профилактикалык текшерүүлөрдөн үзгүлтүксүз өтүү жана шектүү белгилер байкалган учурда адиске өз убагында кайрылуу зарылдыгы түшүндүрүлдү.

«Кызгылт октябрь» — дүйнө жүзүндө аялдардын ден соолугуна, өзгөчө эмчек рагынын алдын алууга жана аны эрте аныктоого көңүл бурулган мезгил. Мындай иш-чаралар аялдардын медициналык сабаттуулугун жогорулатууга, коомчулукта туура түшүнүктү калыптандырууга жана оорулардын алдын алуу маданиятын өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Аял — үй-бүлөнүн куту, коомдун тиреги, келечек муундун тарбиячысы. Анын ден соолугу үй-бүлөнүн бакубаттуулугуна жана коомдун өнүгүшүнө түздөн-түз таасир этет. Ошондуктан аялдардын ден соолугуна кам көрүү, оорулардын алдын алуу жана зарыл учурда медициналык-психологиялык жардам көрсөтүү жалпы коомчулуктун орток милдети болуп саналат.

«Сен өмүрдүн чырагысың, аялзат!» деген ураан ар бир аялдын өмүрү баалуу экенин, өз ден соолугуна кам көрүү жашоого болгон жоопкерчиликтин белгиси экенин дагы бир жолу эске салат.

Гүлзада Өскөнбаева.

Дыйкан-фермерлерге кайрылуу

Урматтуу дыйкан-фермерлер жана айыл чарба өндүрүүчүлөрү!

Жер — айыл чарбасынын негизги өндүрүш каражаты жана келечек муундарга калтыруучу баалуу ресурс. Анын күрдүүлүгүн сактоо ар бир жер пайдалануучунун жоопкерчиликтүү милдети болуп саналат.

Жер семирткич сатып алуудан жана себүү иштерин баштоодон мурда талааңыздын топурагынан үлгү алып, агрохимиялык лабораториядан анализ өткөрүүгө чакырабыз. Анализдин жыйынтыгы каражатты үнөмдөөгө, жер семирткичти туура тандоого, түшүмдүүлүктү жогорулатууга жана топуракты бузулушун алдын алууга жардам берет.

Текшерилбеген, мамлекеттик каттоодон өтпөгөн же келип чыгышы белгисиз жер семирткичтерди сатып албаңыздар. Жер семирткичти колдонууда анын таңгагындагы нускаманы, сактоо шарттарын, коопсуздук талаптарын жана адистердин сунуштарын так сактаңыздар.

Топуракты анализи — кошумча чыгым эмес. Ал туура эмес жер семирткичке жумшалуучу чыгымды азайтып, мол жана сапаттуу түшүм алууга багытталган пайдалуу инвестиция.

Кеңеш жана практикалык жардам алуу үчүн Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин боюнча Ош башкармалыгынын жана райондук айыл чарба кызматтарынын тиешелүү адистерине кайрылсаңыздар болот.

Ариева Нуржамал,
Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу,
коргоо жана карантин боюнча
Ош башкармалыгынын башкы адиси.

Прокурордук көзөмөл

Мыйзам бузуу фактылары аныкталды

2026-жылдын 9 айында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматында мыйзамдарынын сакталышы жөнүндө маалымдайбыз.

Коомго коркунуч келтирген кылмышкерлерди жаза өтөө жайларында кармоо жана кайтаруу, аларды мыйзам жолуна салуу, түзөтүү жана кайра социалдаштыруу эрдикти, чыдамкайлыкты жана чыныгы кесипкөйлүктү талап кылган татаал жана күжүрмөн кызмат.

Учурда өлкөбүздө ишке ашырылып жаткан системалуу жана комплекстүү соттук-укуктук реформалардын натыйжасында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматында да (мындан ары - ЖАМК) мыйзамдардын жана укук тартибинин сакталышы бир топко жакшырган.

Ошол эле учурда, Жазык-аткаруу тутумун көзөмөлдөө боюнча прокуратурасы тарабынан 2026-жылдын 9 айында ЖАМКнын тергөө абактарында жана жаза өтөө мекемелеринде жүргүзгөн текшерүүлөрдө тилеке каршы мыйзам бузуу фактылары да аныктаган.

Атап айтканда, мыйзамдарды так жана бирдей аткарылышына көзөмөлдөө багыты боюнча жүргүзүлгөн 24 текшерүүнүн жыйынтыгы менен 45 мыйзам бузуулар аныкталып, аларга карата 1 каршылык келтирилген, 22 сунуштама, 2 талап жана 2 кылмыш иши козголгон жана 1 укук бузуу жөнүндө өндүрүш иши козголуп, 1 укук бузуу боюнча чара көрүү жөнүндө токтомду жокко чыгаруу жөнүндө токтом кабыл алынган. Көрүлгөн прокурордук чара көрүү актыларынын негизинде ЖАМКнын жалпы 39 кызмат адамы тартиптик жоопкерчиликке тартылышкан жана прокурордук актылардын негизинде жалпысы 3 425 185 сомдук материалдык зыяндар мамлекеттин пайдасына өндүрүлгөн.

Коррупцияга каршы аракеттенүү багытында 13 текшерүү жүргүзүлүп, 51 мыйзам бузуу аныкталып, аларды четтетүү максатында 6 сунуштама киргизилген, 36 укук бузуу жөнүндө өндүрүш иши менен 1 тартиптик өндүрүш иши козголгон. Көрүлгөн чаралардын негизинде ЖАМКнын 8 кызмат адамдары тартиптик жоопкерчиликке, ал эми 28 кызмат адамдары айыпка тартылышып, 8 өндүрүш иштери соттук кароолорго жиберилген. Андан сырткары, коррупциялык жана кызматтык кылмыштарга байланыштуу 6 кылмыш иштери козголуп, тергөө органдарына жиберилген. Ошондой эле, мамлекетке келтирилген 773 220 сомдук зыян аныкталып, толук өндүрүлгөн.

Андан сырткары, тергөө абактарында кармалышкан шектүүлөрдөн, айыпталуучулардан жана жазаларын өтөп жатышкан соттолгондордон жана алардын өкүлдөрүнөн түшкөн 195 арыз-даттануулар каралып, жыйынтыгы менен алардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылуу боюнча тиешелүү чаралар көрүлгөн жана түшүндүрмөлөр берилген.

Жогоруда баяндалгандай, Жазык-аткаруу тутумун көзөмөлдөө боюнча прокуратурасы тарабынан ЖАМКнын мекемелеринде укук бузууларды жасоого өбөлгө болуучу себептерди жана шарттарды аныктоого жана аларды четтетүүгө багытталган иш-чаралар системалуу жана активдүү жүргүзүлүүдө.

Г.Мадамбеков, Жаза-аткаруу тутумун көзөмөлдөө боюнча прокурорунун улук жардамчысы.

Окумуштуулар Арстанбап жаңгак токоюн ЮНЕСКОго киргизүү демилгесин кайрадан көтөрүшүүдө

Кыргызстандык окумуштуулар Жалал-Абад облусундагы Арстанбап жаңгак токоюн ЮНЕСКОнун табигый мурастар тизмесине киргизүү демилгесин кайрадан көтөрүп чыгышты. Алар негиздегендей, учурда жаңгак токоюнун актуалдуулугу күчөп, көйгөйү чоңоюп баратат. Анткени элдин саны өскөн сайын, жер, токой, отун пайдалануучулардын саны да кошо өсүп, жаңгак токоюнун айланасындагы көйгөйлөр көбөйүп баратат. Анын үстүнө анын аймагы барган сайын азайып, антропогендик кырдаалдар күчөп атат. Ошондуктан ал коргоого абдан муктаж. География илимдеринин кандидаты Толкунбек Асыкулов жаңгак токоюнда мындан 20 жыл башта дээрлик 4 жылдай, эл аралык деңгээлде, аз эмес окумуштуулардын катышуусунда ири илимий изилдөө иштерин жүргүзүүгө катышканын билдирип, анын жыйынтыгы менен ЮНЕСКОнун тизмесине ошондо эле киргизүү демилгеси көтөрүлгөнүн, бирок саясий кырдаалдын айынан ишке ашпай калганын айтат. Окумуштуу менен маекке көңүл буруңуздар.



-Толкунбек Асыкулович, саламатсызбы? Арстанбап жаңгак токоюн ЮНЕСКОгонун табигый мурастар тизмесине киргизүү демилгесин көтөрү жатыпсыздар. Негизи мындан 20 жыл башта жаңгак токоюнда илимий изилдөө иштерин жүргүзгөн экенсиздер. Ошол изилдөөлөрдүн жыйынтыгы кандай болгон эле? Дүйнөлүк уюмга киргизүү сунушу ошондо деле көтөрүлгөн беле?

-Саламатчылык. Эң жакшы суроо болду. Анткени бул эң көйгөйлүү суроолордун бири болчу. Ооба, биз жаңгак токоюнда 2003-жылдан 2006-жылга чейин, дээрлик төрт жыл, илимий изилдөө иштерин жүргүзгөнбүз. Буга көп эмгек кеткен. Бул иштерди германиялык “Фольксваген” фонду каржылаган эле. Ал фонд азыркыга чейин илимий изилдөөлөргө көптөгөн колдоолорду көрсөтүп, илимге көбүрөөк пайдасын тийгизген фонддордон болуп эсептелет.

Анан биздин ошол изилдөөбүздүн алдында, аталган фондго Германиянын үч: Грайфсвальд, Гамбург жана Берлин Эркин университети (Freie Universitet Berlin) чогулуп, долбоор жазышкан. Анан ага Кыргызстандын Улуттук университеттин география факультети, Ош мамлекеттик педагогикалык институттан (азыр - ОшМПУ) кошулган. Ал долбоордо Кыргызстандын түштүк аймагы илимий изилдөө иштерине аябай чоң аймак болуп: жаңгак токойлорун изилдөө, анын биологиялык эле жагын эмес, антропогендик факторлордун тийгизген таасири жөнүндө социалдык-экономикалык изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Буга чоң-чоң профессорлор катышкан, айтсак: Германиядын Махаел Зукко, Херман Ройстман, Удошикофф, Кыргызстандан Биймырза Айтиевич Токторалиев сыяктуу көрүнүктүү окумуштуулар тартылган.

Бул иште окумуштуулар жетекчилик кылып, докторанттар өздөрүнүн илимий иштерин жаза башташкан. Анын ичинен Германиядан Хаген Готтшлинг, Матиаз Шмит сыяктуу окумуштуулар, алардан сырткары магистрлик иштерин жазып жүрүшкөн студенттер тартылган. Ал эми Кыргызстандан менден башка, илимий диссертациясын жазып жүргөн Ысабек Козанович Аматов сыяктуу илимий чөйрөдө жаш, анан биз менен кошо улуу муундагы окумуштуулар да катышкан.

Жогоруда айтып кеткендей, жаңгак токоюнун ландшафтык-экологиялык жагы, анан социалдык-экономикалык багытта изилдөөлөр жүргөн. Алар өзүнчө топторго бөлүнүп: бир профессор, бир докторант, бир студент, бир магистр болуп, атайын топторго бөлүнүп изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Ал жерде жергиликтүү элдин оюн билүү максатында сурамжылоо иштери өткөрүлгөн, жаратылыштагы кубулуштарды, токойду ченөө, топурак катмарын, сууну изилдөө сыяктуу комплекстүү илимий иштер жүргүзүлгөн. Анан бул иштер аябай көп түйшүктөрдү, чечүүнү талап кылган көйгөйдөрдү алып келген. Бул нерсе Арстанбап, Кызыл-Үңкүр, Кара-Алма участокторунда көбүрөөк болду. Илимий изилдөө иштери жалпысынан жаңгак токойлору каптаган жана жаңгак токойлору каптабаган жерлерде жүрдү, дегеле токой чарбасына кирген бардык жерлер камтылган. Ошондой эле таза жаңгак өскөн аймактар изилденген. Бара-бара өзгөчө корголуучу аймактарды түзүү сунушталып, “Дашман” жаратылыш коругу ошондон түзүлүп калган.

Ушул сыяктуу жакшы иштер жүрүп, акыры долбоор да соңуна чыгып калган. Анын алкагында жакшы жыйынтыктарды ЮНЕСКОго сунуш кылуу идеясы болгон. Жаңгак токойлорун бул дүйнөлүк уюмдун табигый мурастар бөлүмүнө киргизип, ЮНЕСКОго каттатуу керек деген ой ошондо эле болгон. Же уюмдун “Адам жана биосфера” деген программасы аркылуу биосфералык резерваттар тизмесине киргизүү керек деп, биосфералык резерваттарды түзүү идеясы болгон. Ошентип ЮНЕСКОго эки багытта киргизсек деген сунушту ойлонгонбуз. Бирок, биз жетишпей калдык, анткени ал учурда саясий иштер болуп кетти. Өлкөдө саясий кырдаал өзгөрүп кетти. 2005-2006-жылдары Кыргызстанда саясат туруксуз болуп калбадыбы, ошентип жүрүп, унутулуп да калды.

Бирок азыр Ысабек Козанович экөөбүз Артланбап жаңгак токоюн ЮНЕСКОго киргизүү керек деген мурунку идеяны көтөрүп чыгалы деп атабыз. Анткени бул тема азыр дагы актуалдуу. Себеби токойлор барган сайын азайып, антропогендик кырдаалдар күчөп атат. Мурда биз изилдеп атканда эле жаңгак токойлордун арасында өскөн бадалдардын дээрлик көбү жоголуп кеткенине күбө болгонбуз, бул деген чоң көйгөй болчу. Демек, ошол көйгөй азыр дагы жашап атат.



-Ушул жерде табигый суроо пайда болуп атат, жаңгак токоюн ЮНЕСКОго киргизсе, Кыргызстанга, дегеле биздин жаратылышка эмне берет же эмне өзгөрөт?

-Ооба. Негизи биздеги жаңгак токойлор уникалдуу биологиялык ресурс болуп саналат. Ал бардык жерде эле өсө бербейт. Жапайы, өзүнчө табигый жаңгак токойлору Кыргызстандагы бирден бир байлыгыбыз болуп саналат. Башкаларын айтпаганда да, биздин мактанып, бетке кармай турган, дүйнөгө көкүрөк керип көрсөтө турган байлыгыбыздын бири – Ысык-Көл. Ал түндүктө, а түштүгүбүздө Арстанбап жаңгак токоюбуз турат. Булар биринчи эле көзгө көрүнө турган обьекттер болуп саналат. Эгер жаңылышпасам Ысык-Көлүбүз ЮНЕСКОнун биосфералык аймак катары 434-тизмесинде турат. Ал бул уюмдун тизмесине киргендиктен, ага дүйнөлүк окумуштуулардын биосфералык аймак катары көңүлү бурулуп турат. Ысык-Көл тизмеге киргенден кийин, бул аймакта административдик директиясы түзүлгөн, аларга айрым учурларда атайын долбоорлор менен колдоолор келип турган. Жалпылап айтканда Ысык-Көлдү дүйнө коомчулугу билет.

А биз, кыргызстандыктар, өзүбүзчө патриот болуп, жаңгак токойлорду коргошубуз керек, көлүбүздү, тоолорубузду, арча токойлорубузду коргойлу деген нерсе жүрөктө бар да. Эми ошол биздин жүрөгүбүздөгү нерсе дүйнөлүк жүрөккө тараш керек болуп атпайбы. Дүйнөлүк жүрөктөргө тарата турган ишти ЮНЕСКО кылат. Бул организация жаңгак токоюңарды коргогула деп акча бере койбойт. Бирок, ЮНЕСКОго кирген табигый мурас катары дүйнө кабыл алат, дүйнө тааныган деп дүйнөлүк коомчулукка андан ары таанылат. А эгер кирбесе, эл аралык уюмдар “мындан башка деле коргоочу жерлер көп”,-дешет дагы, бул жаңгак токоюнун дүйнөлүк мааниси жок экен дегенге алып барат. Эгер ЮНЕСКОго кабыл алынып калса, ал жерде статусу аныкталып, дүйнөлүк коомчулук көңүл бөлөт. Анан өзүнчө долбоорлор тартылып келе баштайт дегендей.

-Жогоруда айтылгандай, Арсланбап жаңгак токоюн кыргыз-немис окумуштуулары дээрлик 4 жылдай изилдеп, анын ичинен Германиядан Хаген Готтшлинг, Матиаз Шмит сыяктуу окумуштуулар, алардан сырткары магистрлик иштерин жазып жүрүшкөн студенттер тартылган. Ал эми Кыргызстандан менден башка, илимий диссертациясын жазып жүргөн Ысабек Козанович Аматов сыяктуу илимий чөйрөдө жаш, анан биз менен кошо улуу муундагы окумуштуулар да катышкан. Ушул сыяктуу жакшы иштер жүрүп, акыры долбоор да соңуна чыгып калган. Анын алкагында жакшы жыйынтыктарды ЮНЕСКОго сунуш кылуу идеясы болгон. Жаңгак токойлорун бул дүйнөлүк уюмдун табигый мурастар бөлүмүнө киргизип, ЮНЕСКОго каттатуу керек деген ой ошондо эле болгон. Же уюмдун “Адам жана биосфера” деген программасы аркылуу биосфералык резерваттар тизмесине киргизүү керек деп, биосфералык резерваттарды түзүү идеясы болгон. Ошентип ЮНЕСКОго эки багытта киргизсек деген сунушту ойлонгонбуз. Бирок, биз жетишпей калдык, анткени ал учурда саясий иштер болуп кетти. Өлкөдө саясий кырдаал өзгөрүп кетти. 2005-2006-жылдары Кыргызстанда саясат туруксуз болуп калбадыбы, ошентип жүрүп, унутулуп да калды. Бирок азыр Ысабек Козанович экөөбүз Артланбап жаңгак токоюн ЮНЕСКОго киргизүү керек деген мурунку идеяны көтөрүп чыгалы деп атабыз. Анткени бул тема азыр дагы актуалдуу. Себеби токойлор барган сайын азайып, антропогендик кырдаалдар күчөп атат. Мурда биз изилдеп атканда эле жаңгак токойлордун арасында өскөн бадалдардын дээрлик көбү жоголуп кеткенине күбө болгонбуз, бул деген чоң көйгөй болчу. Демек, ошол көйгөй азыр дагы жашап атат. Бирок, биз жетишпей калдык, анткени ал учурда саясий иштер болуп кетти. Өлкөдө саясий кырдаал өзгөрүп кетти. 2005-2006-жылдары Кыргызстанда саясат туруксуз болуп калбадыбы, ошентип жүрүп, унутулуп да калды. Бирок азыр Ысабек Козанович экөөбүз Артланбап жаңгак токоюн ЮНЕСКОго киргизүү керек деген мурунку идеяны көтөрүп чыгалы деп атабыз. Анткени бул тема азыр дагы актуалдуу. Себеби токойлор барган сайын азайып, антропогендик кырдаалдар күчөп атат. Мурда биз изилдеп атканда эле жаңгак токойлордун арасында өскөн бадалдардын дээрлик көбү жоголуп кеткенине күбө болгонбуз, бул деген чоң көйгөй болчу. Демек, ошол көйгөй азыр дагы жашап атат. Анан азыр муну ЮНЕСКОго киргизүү керек деп көтөрүп аткан демилгеңиздерди сырттагы окумуштуулар кандай колдоо көрсөтүшү мүмкүн? Ошол эле немис же башка элдердин окумуштуулары? Анан бул сунушту кыргыз бийлиги кандай колдоого алышы мүмкүн, дегеле, бийликтен кандай колдоо күтүп жатасыздар?

-Биздин бийлик өзү деле жүрөгү менен сезип турса керек. Мисалы: илбирсти коргойм деп маалыматтарды таратып, пропаганда иштерин жүргүзүп жүргөндө, биздин президенттин идеясы катары илбирсти расмий түрдө Кыргызстандын Улуттук символу катары кабыл алып, атайын жарлыкка кол коюп берди. Бул эми жаныбар да, ал эми өсүмдүк катары жаңгак токою да биздин сыймыгыбыз. Ал дагы илбирстей болгон, жоголуп бараткан, коргоого муктаж болгон биологиялык обьект. Коргоого өтө муктаж. Колдон келсе жаңгак токойлорун Кыргызстандын экинчи символу кылсак да болот. Анын үстүнө бул коркунучта калып атпайбы. Ошого дүйнөлүк коомчулук Кыргызстандын бийлигине көңүл бөлсө, албетте экологиялык уюмдар биригип, колдоп турушса, сөзсүз шыктануу болуп, жакшылап иштегенге жол ачылмак.

Чет элдик окумуштуулар тууралуу айтсак, албетте, алардан биз колдоо күтөбүз, жаңгак токоюн ЮНЕСКОго киргизүүгө алардын рекомендациясы өтө маанилүү. Ал эми жыйырма жыл башта изилдөөгө катышкан немис окумуштуулары менен биз азыр деле байланыштабыз. Бул демилгебиз реалдуулукка айланып баратканда биз аларды биргеликте иштөөгө чакырып, ЮНЕСКОго киргизүүгө аракет кылабыз деп турам. Убагында алардын ою деле түз болчу. Негизи батыштын окумуштуулары менен чогуу сунуштасак, колдоо таап кеткенге жакын болмок, анан ошол окумуштуулар деле жардам бергенге даяр болуш керек.

Бул идея азыр жаңы башталып атат да, себеби жаңгак токоюнун актуалдуулугу күчөп, көйгөйү чоңоюп баратат, эл көбөйүп, жер, токой, отун пайдалануучулардын саны өсүп атат деген чакырык болуш керек. Анан ЮНЕСКО деп анын статусун күтүп отура бербей, өзүбүз дагы коргогого аракет кылышыбыз керек. Илимий иштерди жүргүзүп, азыркы акыбалын билип турушубуз керек. Эгер эртең ЮНЕСКО мурунку илимий изилдөөлөр менен азыркысын салыштыралы, жаңы маалыматтарды бергиле, илимий жаңы базаңар барбы десе, ошого даяр болушубуз керек.

-Азыр илимий иштер барбы? Изилдөө иштери кандай жүргүзүлүп жатат?

-Биз изилдегендей кеңири масштабдагы илимий изилдөө долбоорду уга элекмин, бирок угушума караганда, “Флора-фауна интернешнл” деген чет өлкөлүк уюм ошол жакта иштеп жүргөн. Анан Германиялык GIZ уюму да колдоо кылып, кээ бир изилдөөлөр болгон. Негизи КР Илимдер академиясынын түштүк бөлүмү бар, Ысабек Козанович сыяктуу илимдүү, билимдүү токой изилдеген окумуштуулар бар. Ошолордун түздөн түз иштеп аткан иши. Ошолордун милдеттүү түрдө аткарып аткан иштерин колдонсо болот. Же илимий изилдөө жүргүзүү боюнча атайын чоң долбоор кылып ийсе болот. Бул демилгени эми эле козгоп атпайбызбы, аны өтөөсүнөн чыгышыбыз керек. Анан жергиликтүү, чет өлкөлүк экологиялык уюмдар менен байланыш түзүп, жаңы идеяларды алып чыкканыбызда жакшы болмок. Ошондой эле дипломдук, магистрдик иштер, диссертациялар жазылып, жаңы көйгөйлөрдү көтөрүп, жазып чыгышса, дагы да жакшы жаңылыктар болобу дейм.

-Рахмат маегиңизге.

Маектешкен:
Асанбек Каракозуев.

Папан айыл өкмөтүнүн жетекчиси Тажибаев Казыбек Канибекович:

«МЕНИН МАКСАТЫМ - АЙЫЛДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ»

Тажибаев Казыбек Канибекович Кара-Суу районундагы Баш-Булак айылында 1984-жылы 10-февралда жарык дүйнөгө келген.Орто мектепти аяктаган соң, 2015-2017-жылдары Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу Академиясы «Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу» багыты боюнча аяктаган. Магистр. 2001-2006-жылдары Ош мамлекеттик университетинин компьютердик технологиялар факультетинин «Эсептөө техникасын жана автоматташтырылган системаларды программалык камсыздоо» адистиги боюнча бүтүрүп, инженер адистигине ээ болгон.



2010-2012-жылдары Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын жетектөөчү адиси. 2012-2013-жылдары Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын башкы адиси,2013-2023-жылдары Кара-Суу районунун Катта-Талдык азыркы Баш-Булак айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары, 2023-2025-жылдардын аралыгында Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын сектор башчысы болуп эмгектенген.

2025-жылдын 18-август айынан баштап, Папан айыл өкмөтүнүн жетекчиси болуп үзүрлүү эмгектенип келе жатат.

Үй-бүлөлүү, Жубайы экөө перзенттеринин сүйүктүү ата-энеси.

Муниципалдык кызматтын 3-класстагы кеңешчиси, Катта-Талдык айыл өкмөтүнүн, Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын, КРнын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн Ардак грамоталары, Мыкты муниципалдык кызматкер наамы, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кызматтын отличниги төш белгиси, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун отличниги төш белгиси менен сыйланган.

Папан айыл өкмөтү,Ноокат району менен чектеш жайгашкан. Кара-Суу районундагы эң алыскы тоолуу аймактардын катарына кирет. Абасы таза. Ал эми эгин эккен дыйкандар да Ак-Буура суусу менен эгиндерин сугарышат. Айылдын эли тоого жакын жашагандыктан, эрте жазда эле, малдарын жайлоого алып чыгып кетишет. Көпчүлүк жашоочулар дыйканчылык менен алектенишет.

Кыргыз Республикасынын Президенти Жапаров Садыр Нургожоевичтин жарлыгына ылайык айыл өкмөттүн аталышы 2024-жылдын 1-апрелинде кайрадан каттоодон өтүп, «Папан айыл өкмөтү» болуп өзгөртүлдү. Калктын жалпы саны 18700, райондун борборунан 70 км, облasттын борборунан 45 км, алыстыкта жайгашкан. 12 айыл, 10 айыл башчы бар.Айыл өкмөттүн аппаратында 16 кызматкер эмгектенет. Билим берүүчү 8 мектеп, 3 балдар бакчасы, 1 оорукана, 6 ФАП, 1 маданият үйү, 1 китепкана, спорт аянтчасы бар.

Папан айыл өкмөтүнө караштуу көмүр кендери да бар.Алар айылдын элин гана көмүр менен камсыз кылбастан, райондун жана областтын элин көмүр менен камсыздайт. Кыргыз көмүр ишканасы тарабынан 2 көмүр кени ишканасы ачылган. Кожокелен жана Бел-Алма кендерин атоого болот.

Инвестиция тартуу боюнча айта турган болсок, 250 млн. сомго жетти.Ошондой эле Ош шаарынын элин суу менен камсыз кылууда Султан Ибраимов атындагы Папан суу сактагычы бар.

ЖОЛДОР АСФАЛЬТТАЛГАН

Папан жолуна кетчү жол мурдагыга караганда бир топ тегизделип, асфальтталгандыгын байкадык. Бир заматта эле каалаган жериңе жетесиң. Түрткү берүүчү гранттын эсебинен 5 айылга асфальт бастырылган. Беш айылдын ички көчөлөрүнө 3 км.800 метр келген жолдор, айта кетсек, Бөрү, Жар-Башы,Чычкан-Көл, Ак-Терек жана Камыр-Суу айылдарына асфальт төшөлдү. Ал эми жеке ишкерлер тарабынан 2,5 километр аралыкка тротуар бастырылып, 16 млн. сомдук жумуш аткарылды.



Республикалык бюджеттин эсебинен 14 км. аралыктагы жолдор асфалтталды. Алар, Бөрү айылына 3 км,Кызыл-Туу айылынын Сары-Талаа айылына 3 км, Ош-Папан жолунун 6 км, Кара-



Буура айылына 2 км аралыктагы жолдорго асфальт бастырылды.

Папан айыл өкмөтүнүн жетекчиси Казыбек Канибековичтин келечектеги максаты 2 асфальт чыгаруучу завод курсам деген асыл максаты, аруу тилектери бар. Ошол максаттарын иш жүзүнө ашыруу үчүн иш-кагаздарын даярдап койгондугун сөз арасында айтып өттү.

ТАЗА СУУ-ӨМҮР БУЛАГЫ

«Суу сыйлаган зор болоор» демекчи, суу биздин жашообуздун өмүр булагы.Суусуз бул жашоону элестетүүгө мүмкүн эмес.Папан жеринде жашаган көпчүлүк эл Ак-Буура дарыясынан агып жаткан сууну пайдаланышат.

Папан айыл өкмөтүнүн жетекчиси Казыбек мырза Азия Өнүктүрүү Банкы менен келишим түзүп, керектүү иш-кагаздарын даярдап өткөргөн. Келечекте айыл өкмөтүнүн аймагындагы 8 айылдын элин ичилүүчү таза суу долбооруна киргизген. Атайын адистер жеринде таанышып,ичилүүчү таза сууга чындыгында, муктаж экендиктерине ынанышып, көрүп кетишкендигин айтып кетүүгө болот. Иш жүзүнө ашып калса, ар бир айылда, ар бир үйдө суу түтүкчөлөрүнөн суу чыгып калса, жашоочулар үчүн жакшы шарттар түзүлмөк.

Быйылкы жылы жергиликтүү



бюджеттин эсебинен 9 км. аралыктагы ички каналдар тазаланды, кызыл сызыкка чыгып кеткен жолдор кеңейтилди.

ЗАМАНБАП КӨПҮРӨЛӨР КУРУЛДУ

2026-жылдын эсебинен Папан айыл өкмөтүнөн чыккан жеке ишкерлер тарабынан Ош-Папан-Кожокелен жолуна көпүрө салынып, пайдалануюга тапшырылды. Ал эми азыркы күндө болсо,2 көпүрөнүн курулуш иштери жүрүп жатат. Негизинен алганда, тоодон түшкөн селдер жолду каптап кеткендиктен,ошол Андабул жана Арал айылдарына заманбап көпүрөнүн курулуш иштери аяктоо алдында турат.

Ошондой эле сел түшкөн жерлер Кара-Суу райондук Өзгөчө кырдаалдар бөлүмү тарабынан каттоого алынып, айыл өкмөтү тарабынан 5 обьекти тазаланды. Жергиликтүү бюджет тарабынан акча каражаты бөлүнүп, сел түшкөн жерлерди тазалоого катышкан жумушчуларга берилди. Жергиликтүү бюджеттин эсебинен 9 км. ички жолдор тазаланып, иретке келтирилди.

КАРЫЛАРГА-КАМКОРДУК

Карылык деген сөз ар бир адамдын башына келет эмеспи. Ошол карылык өмүрдү жакшы өткөргөнгө ар бир инсанга насип этсин. Карыларды кадырлап сыйлоо- аларга урмат көрсөтүүдө Папан айыл өкмөтүнүн жетекчиси Казыбек Канибекович да 1-октябрь - Карылар күнүнө карата аппараты менен биргеликте ишчара өткөрүштү. Аларга жылуу сөздөрүн айтып, куттуктап белектерин тапшырды. Айрым, төшөктө жаткан карылардын үйлөрүнө барып,кабар алышты.

КЫШКА ДАЯРДЫКТАР КӨРҮЛГӨН

Папан айыл өкмөтүнүн жетекчиси тарабынан айыл өкмөтүнүн аймагындагы 7 мектепке, 3 балдар бакчасына, жалпысынан болуп 530 тонна көмүр түшүрүлүп берилген. Учурда, мектептер жана балдар бакчалары кышка карата даяр деди,-Казыбек мырза.

Папан айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Акжол уулу Бектур, финансы экономика бөлүмүнүн башчысы Нурланбек Калыев, жооптуу катчы Сабыр Жалиев,салык кызматкери Мухамедсаид Мурзабеков, китепканачы Жаннат Тапаева, санариптештирүү кызматкери Кубатбек кызы Шериза, жер адиси Алибай Бакиров, сатып алуулар боюнча адис Азатбек Айтиев, Алчалуу айылынын айыл башчысы Айтибай Бакиров, Жар-Башы айылынын айыл башчысы Мирбек Балтабаев жана Камыр-Суу айылынын айыл башчысы Алибай уулу Тынчтыкбек ж.б. кошууга болот.



Бурма Ысакова,
Кыргызстан Журналисттер Союзунун мүчөсү.

Кара-Таш айыл өкмөтүндөгү арымдуу аракеттер

Кара-Таш айыл өкмөтү Ноокат районунун борборуна жакыш жайгашкан. Айыл аймакта жашашкан калктын көпчүлүгү дыйканчылык жана мал чарбачылык менен алектенишет. Кара-Таш айыл аймагында жалпысынан алганда 16 859 калк жашайт. Айыл аймагындагы билим берүү тармагында 4 жалпы билим берүүчү мектеп, 1 лицей, 7 бала бакча бар, элдин ден- соолугуна кам көрүүчү ФАПтар иштейт.

Быйылкы жыл Кара-Таш айыл өкмөтүнүн жалпы жамааты үчүн жакшы жылдардын бири болду. 2026-жылы айыл аймагында калктын жашоо шартын жакшыртуу, билим берүү мекемелеринин материалдык-техникалык базасын чыңдоо, инфраструктураны өнүктүрүү жана социалдык маселелерди чечүү багытында бир катар иштер аткарылды.



Билим берүү тармагы

Нойгут айылындагы Нойгут орто мектебин кышка карата даярдоо боюнча Кара-Таш айыл өкмөтү тарабынан жылытуу системасын жаңылоо боюнча бир топ иштер жүргүзүлдү. Аталган долбоорду ишке ашырууга Ноокат райондук өнүктүрүү фондусу тарабынан 2 млн 500 миң сом, ал эми өздүк салым катары 300 миң сом каражат бөлүнүп, иштер толугу менен бүткөрүлүп, пайдаланууга берилди.

Мындан тышкары, Нойгут орто мектебинин спорт залына капиталдык оңдоо иштерин жүргүзүү максатында Ноокат райондук өнүктүрүү фондунан 629 миң сом, өздүк салымдан 100 миң сом бөлүнүп, оңдоо иштери толугу менен бүткөрүлдү. Ошондой эле Чечме-Сай орто мектебинин спорт залына капиталдык оңдоо иштерин жүргүзүүгө Ноокат райондук өнүктүрүү фондунан 712 миң сом, өздүк салым катары 100 миң сом бөлүнүп, белгиленген иштер толугу менен аткарылды.





Кара-Таш айыл өкмөтүнүн Ноокат билимканасынын «Зээндүү балдар» жатак лицейинин жатаканасынын сырткы бөлүгүн оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлдү. Аталган иштерге Дем берүүчү гранттан 3 млн 600 миң сом, өздүк салым катары 482 миң 126 сом бөлүнүп, ремонттоо иштери толугу менен аткарылды. Кыргыз элине таанымал акын жана жазуучу Камчы Жунусов Кара-Таш айылында туулган. Өмүрүнүн акырына чейин Фрунзе шаарында азыркы Бишкек шаарында жазуучулар Союзунда эмгектенген. Акындын чыгармачылыгын баалаган кыргыз эли анын ичинен жердештери өзү жашаган Кара-Таш айылына Камчы Жунусов атындагы мектепке ысымын ыйгарышкан. Кара-Таш айыл аймагындагы Камчы Жунусов атындагы орто мектебинин жылытуу системасын электр жылытуудан катуу отун менен жылытууга өткөрүү боюнча иштер аткарылды. Долбоорду ишке ашырууга Дем берүүчү гранттан 3 млн 700 миң сом, өздүк салым катары 300 миң сом бөлүнүп, тиешелүү иштер толугу менен бүткөрүлдү.

Курулуш жана инфраструктура багыты

2026-жылы Кара-Таш айыл аймагында жол жана инфраструктураны жакшыртуу багытында да бир катар иштер аткарылды. Атап айтсак, Ноокат–Кара-Таш айыл өкмөтүнүн негизги жолун асфальттоо иштери республикалык бюджеттин эсебинен каржыланды. Мындан тышкары, айыл аймагындагы калктын көйгөйлөрүн чечүү максатында төмөнкү багыттарга өзгөчө көңүл бурулууда: жарандарды ичүүчү таза суу менен толук камсыз кылуу; жолдордун жээктерине тротуарларды куруу; айыл ичиндеги ички жолдорду асфальттоо иштерин жүргүзүү; калк үчүн ыңгайлуу жана коопсуз инфраструктураны түзүү.

Социалдык багытта аткарылган иштер

Кара-Таш айыл аймагында социалдык маанидеги иш-чараларды өткөрүүгө да өзгөчө көңүл бурулууда. Айыл өкмөтүнүн жетекчиси Канатбек Акмаматович тарабынан билим берүү күнүнө карата Кара-Таш айыл аймагындагы билим берүү мекемелеринин мугалимдерине арналган майрамдык иш-чара уюштурулуп, мугалимдерге урмат-сый көрсөтүлдү.

Ошондой эле 1-октябрь – Карыялар күнүнө карата айыл аймагында атайын майрамдык иш-чара өткөрүлдү. Иш-чаранын алкагында 80–100 жаштан өткөн карыяларга көңүл бурулуп, алардын ар биринин өздүк эсебине акча каражаты которулуп, майрамдык иш-чара уюштурулду.

Эс алуу жана туризм

Айыл аймагында калктын жана жаштардын эс алуусу үчүн шарттарды түзүү, туризмди өнүктүрүү багытында да жакшы иштер аткарылууда. Нойгут айылындагы М. Гапаров атындагы эс алуу жайы ачылып, анда балдар үчүн оюн аянтчалары, селкинчектер, зиплайн жана этно-көрүнүштөгү эс алуу жайлары уюштурулду. Бул жай айыл тургундарынын жана балдардын эс алуусуна ыңгайлуу шарт түзүп, айыл аймагындагы туризмдин өнүгүшүнө да өбөлгө болууда.

Мындан тышкары, Кара-Таш айыл аймагында «Байтик-Фиш» аталышындагы балык уулоо жана эс алуу жайы ачылды. Аталган жай жергиликтүү тургундар жана келген коноктор үчүн эс алуу мүмкүнчүлүгүн түзүп, айыл аймагында туризм багытын өнүктүрүүгө шарттар түзүлдү.

Жалпысынан алганда, 2026-жылы Кара-Таш айыл аймагында билим берүү, социалдык тармак, жол-курулуш, таза суу, инфраструктура жана туризм багыттарында бир катар маанилүү иштер аткарылды. Айрыкча билим берүү мекемелеринин материалдык-техникалык базасын жакшыртуу, мектептерди жылытуу системаларын жаңылоо жана спорт залдарын оңдоо боюнча иштерге өзгөчө көңүл бурулду.

Алдыда айыл аймагындагы калкты сапаттуу ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу, ички жолдорду асфальттоо, негизги жолдорго тротуарларды куруу, ошондой эле калктын жашоо шартын жакшыртууга багытталган инфраструктуралык долбоорлорду ишке ашыруу негизги милдеттердин бири болуп саналат.

Бурма Ысакова.



ТАЛЫКПАГАН ЭМГЕКТИ АРКАЛАГАН ИНСАН

Адам баласы алмустактан бери карай адам турбайбы делген вазипаны моюндагандан тарта жандуу жаратылыштын түйшүктүү жолунда мээнет кечкени канчалаган сан жеткис мезгил санаанын түйшүгүндө, муундан муунга өтүп жан аздектеп жашап келгени менен тагдырлашканы ачылбаган көй кашка чындык го. Мына ошондой муундар азыркы жер ээси болуп жашап турган тагдырлаш пенделердин үзүлбөгөн өмүрү сыяктанат. Ушундай муундун жыйырманчы кылымдын, жыйырманчы жылдарынын акырында тагыраагы 1929-жылдын 29-январында кыштын ызгаардуу чилдесинде ошондогу Гүлчө районунун Сары-Булак айылында Тойчу Кармышаков ава жарык дүйнөгө келет. Ошол учурда атасы Рүстөм ажы уулу Кармышак Гүлчө райондук советинин аткаруу комитетинде жооптуу катчы кызматын аркалап турганда 1931-жылы 24 жаш курагында капысынан дүйнөдөн өтөт. Тойчу ава эки жашында тамтуң-тумтуң баскан, эмгеги ката элек наристе учурунда атасынан ажырап калат. Совет өлкөсүнүн калыптанышына тагдырлаш катары бала чагынын өмүр жолу ошондон башталат.

Өлкөдө коллективдештирүү мезгили өз өкүмүн сүргөн учур болот. Айылдарда туташ коллективдүү чарбалар уюштурулган жылдарга тагдырлаш балалык мезгили кандай өткөнүн Тойчу ава эскерип эстей албаса да 1936-жылы ошол жылдарда уюшулган мектеп босогосунун астанасын жети жашынан алгач кантип аттаганын элдир селдир эске тутуп калгандыгын эскерүү катары, кийин жашы көтөрүлүп калганда деле көп эскере турган.

Мектепте тамга таанып жазганды үйрөнгөн учурда окуткан агайларынын айткандарын жаш болсо да зиректик менен кабыл алынгандыгынын таасиринде тез эле тамга таанып, жазганды үйрөнгөн. Ал учурдагы жашоо турмуштагы тартыштык көптүн бири катары Тойчу аванын тагдырына да туш келген. Канатына калкалай турган атасынын эрте өтүп кеткени ал кишини бала чагынан боорукерлике, адамгерчиликтүү сылык сыпаа болууга турмуш тарбиялагандыгы калыптанган мүнөзүндөгү айныксыз чындык. Ошондон адам мамилесине келгенде дайым жандуу, жаркоер мамиле кылуунун башкача окшошпогон боорукерлик таасири жан дүйнөсүнө терең сиңгендиги таасирдүү экен деп боолгосо болчуудай. Анан калса жаш мезгилинде таянаар тоосу болбогон соң, жашоодогу сырдуу дүйнөдөгү татаал маселелерди чечүүгө балакаттан камданганы, кайрат алганы чоң таасирленткен тура.

Жаштайынан жогорудагыдай зректиктин мектеби менен кошо турмуш, жашоого шартташкан билим мектебинен татыктуу өтүүсү өмүрүнө тагдырлаш келгени жаш балакат болжолундагы Тойчу аваны тез эле эл оозундагы электе эленүү менен эл оозуна алына баштайт.

Ар нерсеге баам салууга эрте дилгирленген мектеп окуучусу тамга таанып окуганды билгендиктенби кыйла эле эл арасында, тууган уруктун жан жакасында кадыры бардай деми бийик боло баштаганын өзү сезбесе да элге маалым болуп калган учур эле. Ошол отузунчу жылдардын аяк чени, кыркынчы жылдардын баш ченинде сабактарды жакшы өздөштүргөн мектептеги алдынкы окуучу катары эл арасында эң таасирдүү курал катары бааланган гезиттерде чагылдырылган макалаларды ар кандай жыйындарда жеткиликтүү кылып окуп берүүгө тартыла баштайт. Мына ошондон улам Тойчу ава өзү жаш окуучулук мезгилинде баам салбаса да келечекте журналист болууга кесиптик жол салган тура. Бирок ал учурда "Журналист" кесиби эмне экенин кайдан билсин. Көпчүлүк эл сабатсыз болгондуктан кат тааныган, жазманы окуй алган, жаза билгендерди өзгөчө баалуулук менен кастарлаганы, урмат сыйга ээ болгондугун көпчүлүгү кечээ кийинкиге чейин эле мазмундап айтып келишпедиби .



Ошол 1940-жылдардан сабаттуулугу кыйла эле жоюлган Тойчу Кармышаков ава мектептеги окуусун улантуу менен чарбалык уюштуруучулук иштерге да аралаша баштайт. Анын мындай болушуна кат тааныган сабаттуулардын аз болушуна байланыштуу шарт эле. Анан калса согуш каңшаары да эл арасына таркап, аскерге жарактууларды чакыруу күчөп калган. Ошондон кол арага жарап калган он үч, он төрт жаштагы өспүрүмдөр дээрлик өндүрүш иштерине тартыла баштаган. 1941-жылдын жайында Улуу Ата Мекендик согуш жүз берет. Аскерге чакыруу мурдагыдан да күчтүү улантылат. Баардыгы фронт үчүн! Баардыгы жеңиш үчүн ! деген ураан элдин кары жашына дебей бирдиктүү болууга чакырат. Мектептер убактылуу токтотууга алынат. Бирок кечкисин окуу улантылат.

1943-жылы Тойчу ава ошол Молотов колхозундагы Молотов мектебинин 7-классын жакшы аяктоо менен орто билимге ээ болот. Ошол жылдан 1947-жылга чейин чарбада табелчи, кампа башчысы кызматында иштейт. Ал ортолукта 1945-жылдагы жеңиштин келишине тылдагы сабаттуу чарбада иштеген иши менен чоң салымын кошот. Кийин билимин улантуу максатында Өзгөн шаарында уюштурулган мугалимдердин тездетилген курсун бүтүрүү менен Тарых жана География мугалими адистигине ээ болуп, кайрадан эле өзү окуган Молотов мектебинде мугалим болуп эмгектенет. Анда 1949-жылга чейин иштейт. Мамлекет мугалимдик кесипке өзгөчө мамиле кылууга коомчулукту багыттайт. Андан тың билимдүү мугалимдерди окутууну жана кызматтык тепкичтерге көтөрүүгө карата көптөгөн уюштуруучулук иштерди жүргүзөт. Ошондон улам Тойчу Кармышаковду сабаттуу мугалим катары 1949-1953-жылдары комсомолдун Совет райондук уюмуна бөлүм башчылык кызматка дайындашат. Ал 1953-жылдан 1955-жылга чейин кайрадан Молотов мектебинде тарых жана география сабагынан мугалим болуп иштөө менен 1954-жылы партиянын катарына мүчөлүкө кабыл алынат. Иштеги жөндөмдүүлүгү эске алынып 1956-1958-жылдары Совет райондук маданият башкармалыгынын башчысы жана партиянын Совет райондук комитетинин инструктору кызматтарын аркалайт. 1959-1961-жылдары райондогу Карл Маркс атындагы колхоздун партиялык уюмунун катчысы кызматын аркалап турган жеринен билимин өркүндөтүү максатында Ташкент шаарындагы жогорку партиялык мектепке жөнөтүлөт. Ал жерде 1964-жылга чейин угуучу катары билимин өркүндөтөт.

Тойчу Кармышаков ава өзүнүн өмүр жолунда жалаң уюштуруучулук жана таалим тарбия кызматтарында үзүрлүү эмгектенип келген. Ошол алтымышынчы жылдардын орто ченинде партиялык кызматын андан ары өркүндөтүү, алган билимин практика жүзүндө колдонуу максатында өзү туулуп өскөн Сары-Булак айылындагы Калинин атындагы колхоздун партиялык уюмунун катчылыгына кызматка барат. Бул жерде жаңы дем билими менен беш жыл чамалай үзүрлүү эмгектенет. Чарбанын экономикасын өркүндөтүүгө, чарбалык иштерди уюштуруудагы партиялык жетекчиликтин ролун, таасирин күчөтүүгө болгон билимин жумшоо менен таасирлүү иштейт. Кийин ошол 1971-жылдан 1975-жылга чейин райондук кино дирекциясынын диретору кызматында эл оозуна алынаарлык деңгээлде иштейт. Ал эми 1975-1980-жылдарда кайрадан ошондогу Совет районунун партиялык комитетинде дасыккан билимдүү партиялык иштин саясий деңгээлин туура түшүнгөн тажрыйбалуу инсан катары инструкторлук кызматты аркалоо менен көп насаатчылык иштерди жүргүзөт.

Мезгил учкан куштай зымырап өткөн сайын Тойчу аванын жаштыктан таптал-ган өмүр жолу да өр тарта жашоонун туу чокусндагы бийиктиктерге көтөрүлө берет. Өмүр жолунда көп кызмат оорундарды артка калтырган, дасыккан партиялык ишмер 1980-1984-жылдары райондук "Коммунизм үчүн" газетасынын жоопту катчысы кызматында үзүрлүү эмгектенет. Кийин өзүнүн өтүнүчү боюнча райондогу Калинин атындагы колхоздун кесиптик уюмунун төрагалык кызматына келет. Өмүрүндө чарбалык, педагоктук, партиялык жана кесиптик кошундук кызматтарын кабагым кашым дебей алтымыш жыл аркалаган Тойчу Кармышаков авабыз 1989-жылы өз каалоосу менен ардактуу эс алууга чыгат. Ал узак көп майдандуу эмгек жолунда ак ниеттүүлүк менен эмгектенип бир нече жолу райондук,айылдык кеңештин депутаты да болгон.



Ардактуу инсан коомдук жана мамлекеттик ишмер катары эмгек жолунда Лениндин юбилейлик жана эмгек ардагери медалдарын алууга арзыган. Мындан сырткары жогорку партиялык, профсоюздук жана Кыргыз Республикасынын Журналистер Союзунун Ардак грамоталары менен да сыйланган. Татыктуу эмгек жолунда өмүрлүк жолдошу Кармышакова Асилбү эже экөө эриш аркак өмүр сүрүү менен он эки уул, кызга татыктуу тарбия берүү менен баардыгын жогорку билимдүү кылышкан. Асилбү эже көп жылдар райондук борборлоштурулган китепканада усулчу кызматын аркалаган.

Азыркы учурда Тойчу ава менен Асилбү чоң эненин уул, кыздары татыктуу кызматтарды аркалоо менен алды ардактуу эс алууда.

Балдары

Мадамбек көп жылдар кесиби менен эсепчилик кызматта эмгектенип, азыркы учурда ардактуу эс алууда.

Улукбек Кыргыз Республикасына таанымал, коомдук жана мамлекеттик ишмер. Көп жылдар финансы тармагында эмгектенүү менен финансы министринин биринчи орун басары, КРнын биринчи Вице-Премьер-министр, Кыргыз Республикасынын финансы жана экономика министри, Президентик администрациясынын аппаратынын жетекчисинин биринчи орун басары кызматтарында иштеген. Азыркы учурда көз карандысыз өлкөлөрдүн экономикалык советинде Кыргыз Республикасынын ыйгарымдуу өкүлү кызматында иштейт.

Талантбек да көп жылдар райондук финансы бөлүмүндө иштөө менен райондук казына башкармалыгынын жетекчиси, Кадамжай районунун финансы башкармалыгынын башчысы, учурда Кара-Кулжа райондук администрациясынын башчысынын биринчи орун басары болуп иштейт.

Рысбек уулу Ош шаардык салык кызматынын башкармалыгында көп жылдан бери эмгектенет

Кылычбек уулу Сары-Булак айыл өкмөтүнүн башчысы кызматында иштөө менен жакшы ийгиликтерди жараткан. Учурда Бишкек шаарында жашайт.

Кыздары: Айчүрөк, Айсалкын, Бурулча уул кыздарды тарбиялап бир нече неберелерди тарбиялап алардын чоң эне, таенеси болуп калышкан.

Ал эми Айнура Медициналык окуу жайында мугалим. Айкөкүл, Кенже Турция жана Англиядан билм алышып, азыркы учурда Турция, Америкада жашап эмгектенишет.

Кичи кызы Айгерим атасынын аты коюлган азыркы Тойчу Кармышаков атындагы орто мектепти алтын медаль менен аяктап Япониядан жогорку билим алган. Учурда Японияның (JICA) эл аралык кызматташуу агенттигинде Кыргызстандын инфраструктурасын жакшыртуу долбоорун жетектеп келет.

Небереси Эшманбет Кармышаков да Японияда жогорудагы тармакта өз билимин өркүндөтүү менен жогорудагы долбоорду жайылтуу боюнча иштеп жатат.

Эл оозунда айтылган "Аккан арыктан суу агат" деген макалдын мааниси ушунда окшойт. Тойчу аванын чоң атасы Рүстөм ажы бий болгон. Эл башкарып, журт камын ойлогондордон. Меккеге накта мээнет менен жол улай ажылык сапарга баргандардан.

Ушул кишинин небереси Тойчу Кармышаков аванын көп жылдык талыкпаган эмгектеринин таасиринде ысымы коомчулук эл тарабынан бааланып Тогуз Булак орто мектебине берилип жатканы өтө сыймыктуу көрүнүш.

Кылымга тете жаш муундарды тарбиялаган билим уясы эми мындан ары Тойчу Кармышаковдун ысымын алып жүрмөкчү. Бул маарекеге райондун коомчулугу, алыс жакындан келгендер жана айыл тургундары катышып, жакшы калоолорун айтышты.

М.Жуманазаров.

Ийгилиги арбыган Мыктыбек Оролбай уулу

Кыргыз Республикасынын Туусун бийик желбиретип, атак даңкын ааламга жар салган кыргыз спортчуларынын бири атактуу кыргыз мушкери Мыктыбек Оролбай уулу тууралуу айтмакчыбыз. Тынымсыз машыгуулар, чоң эмгек менен алдыга койгон максатына жетүүгө чындап ыклас койгон мушкер көп ийгиликтерге жетти. Ысымы өлкөбүз эмес, жалпы дүйнөдөгү спорт ааламына маалым болду. Айта кетсек, Мыктыбек Оролбай уулу Кара -Суу районунун Кызыл- Суу айылында 1998- жылы 2- октябрда туулган. Мектепти аяктаган соң, Ош мамлекеттик юридикалык институтуна тапшырып, аны ийгиликтүү аяктаган.

Мушкер өзүнүн берген маектеринин биринде алгачкы машыгууну Ош шаарындагы "Улуу кыргыз" спорттук клубунда баштаганын айткан. Бишкек шаарына турнирлерге катышып жүргөн. Кийинчерээк Султан Асанов деген менеджер менен иштешкенин маалымдаган. Ал ага АКШдан чакыруу алып берген жана аны менен Мыктыбекке Америкага жол ачкан.



Мушкер карьерасында 17 жолу беттеш өткөргөн, анын ичинен 14 жолку беттештери жеңиш менен аяктаган, тең чыгуулары 1 жолу болгон. Нокаут менен 6 жолу, багынтуу менен 6 жолу, 2 жолу чечим менен жеңген. Утулуштары 2 жолу болгон. Өзүнүн ийгилик жолунда мушкердин машыктыруучулары Тынчтык Өмүрзаков, Юрая Фейбер жана Влад Никитиндин салымы чоң экендигин мушкер ыраазычылык менен билдирген.

Мушкер 2018- жылдын август айында WEF 60 турниринин алкагында Элдияр Тубаев менен ММА боюнча дебюттук беттешин өткөргөн. Карьерасындагы биринчи жеңилүүнүн 2020- жылдын декабрь айында ACA YE5 турниринде Халид Сутуевден бир добуштан алган чечим менен алган. 2023-жылдын октябрында Мыктыбек LFA 170 турниринин алкагында Хейвард Чарльзды экинчи раундда нокаут менен жеңген. UFCдеги дебюттук беттешин 2023- жылдын ноябрь айында сербиялык Урош Медичке каршы өткөргөн. Экинчи раундда токтотулган бул мелдеш Мыктыбектин пайдасына аяктаган.

Белгилесек, UFC уюму Кыргызстандын көптөгөн мушкерлеринин кыялы. Ала бул уюмда беттешкен биринчи кыргыз мушкери. Мыктыбек Оролбай уулу дагы да ийгиликтерге жетүү үчүн аракет көрүп жүргөн чагы. Ага алдыдагы беттештерде чоң ийгиликтерди каалайбыз.

К.Кыдыралиева.

Эл аралык деңгээлдеги мелдеш

Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгы 2024-жылы кыргыздын көрүнүктүү уулу, тарыхый инсан Алымбек датканын 225 жылдыгына карата спорттун 11 түрү боюнча облустук деңгээлде мелдештерди өткөргөн болчу. Бул традиция өткөн жылы улантылып, Алайдын Калама жайлоосунда КР Президенти Садыр Жапаровдун катышуусу менен өткөрүлгөн чоң мааракеде улуттук спорттун 7 түрү менен мелдештер уюштурулган. Андан кийин спорттун олимпиадалык жана олимпиада эмес10 түрү боюнча мелдештер өткөрүлүп, жалпысынан алганда өткөн жылы "Алымбек Датка" мелдешине спорттун 17 түрү боюнча мелдештер уюшturган.



Бул салт быйылкы жылы да улантылып, 7-октябрда Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгынын спорт залында эл аралык деңгээлдеги мелдеш "Datka Fest-2026" аталышы менен салтанат менен ачылды. Анда Алымбек Датканын урпактары, Гүлчө шаарынын мэриясыны башчысы жана ардагер спортмендер чыгып сүйлөшүп, спорттун олимпиадалык улуттук жана олимпиадалык эмес 22 түрү боюнча өткөрүлүп жаткан мелдештин катышуучуларына ийгиликтерди каалашты.

Алар федерациялар менен биргеликте кызуу даярдык көрүп, уюштуруу жумуштарын талаптагыдай уюштурган Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгынын жетекчилигине ыраазылык билдиришип, мелдеш жогорку деңгээлде өтө тургандыгына ишеним артышты.

Республиканын бардык облустарынан жана коңшулаш өлкөлөрдөн келген 500дөн ашык спортсмендер катышкан бул эл аралык деңгээлдеги мелдештер 1-ноябрга чейин улантылып, жеңүүчүлөргө медалдар, кызыктыруучу сыйлыктар тапшырылат.

Төлөнбай Абдыразаков.

СПОРТ МАЙДАНЫ ТАЛАПТАГЫДАЙ ОҢДОЛУУДА

Тоолуу Кара-Кулжа районундагы Кара-Кулжа айылында тээ совет мезгилинде спортту өнүктүрүү максатында мындан кырк, элүү жыл мурда пайдаланууга берилген Төрөбек Абакиров атындагы спорттук стадион кайрадан оңдоп түзөөдөн өтүүдө. Бул иш чара элдин суроо талабы боюнча жүзөгө ашыруулуда. Анткени стадион азыркы учурдун талабына жооп бербей калган болчу.

Кыргыз Республикасынын президенти С.Жапаров Өзгөн-Мырза-Аке-Кара-Кулжа жолун толук оңдоп түзөөдөн өткөрүлгөн соң пайдаланууга берүү аземинде элдин өтүнүчү боюнча спорт майданын кайрадан оңдоп түзөөнү убадалаган болчу.

Эми бул иштер да жүз берип аталган



спорт стадионунда иш кызуу жүрүп жатат. Стадион жалпы эле Кара-Кулжа тургундарынын сыймыгы боло тургандай архитектуралык көрүнүштү камтууда. Бул жерде спорттун бардык түрлөрү боюнча машыгуу шарттарына ылайыкташкан курулуш иштери кызуу жүрүүдө. Бул аталган курулушка 168 миллион каражат Президнттин тапшырмасы менен бөлүнүп берилген. Стадиондун жалпы аянты 2,19 га түзөт. Кара-Кулжа айылдык кеңешинин кезексиз сессиясында муниципиалдык менчиктеги Кара-Кулжа стадионун райондук балдар-өспүрүмдөр спорт мектебинин карамагына өткөрүп берүү боюнча чечим кабыл алынган.

Эми мындан ары жаңы кайра куруудан өтүп жататкан стадиондогу жумуштар аяктап калса райондо дене-тарбия жана спортчулардын көзгө басаар спорттук жайына айланып калмакчы.

М. Осмонов.

Жарыялар

Сынак

Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигине караштуу Инженердик изилдөөлөр департаментинин Түштүк филиалы төмөндөгү бош кызмат орундарына кызматкерлерди алууну жарыялайт.

- Жетектөөчү адис геофизик-1 орун
- Адис-инженер гидрогеолог-1 орун
- Адис-инженер топограф-1 орун

Квалификациялык талаптар:

Тиешелүү багыттар боюнча жогорку же атайын орто кесиптик билиминин болушу.

Иш стажына талаптар:

Кесиптик чөйрөдө 1(бир) жылдан кем эмес стаж талап кылынат.

Талаптарга ылайык келген талапкерлер маектешүүгө чакырылат.

Резюмеңизди төмөнкү электрондук дарекке жөнөтүңүз: iid.tf@mail.ru

Жумушка орношуу боюнча суроолор үчүн байланыш телефону: 0997232425 (Абдыгапар уулу Каныбек).

Документтерди кабыл алуу 2026-жылдын 23-октябрына чейин

Биз кесипкөй адистерден турган командабызга сиздерди кош келиңиздер деп күтөбүз!

Жараксыз деп табылсын

2016-жылы Ош мамлекеттик Юридикалык институту тарабынан Асилбек кызы Нурзатка берилген № УС 160044283 каттоо № 1401 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ХХХ

Кулиев Эр Табылды Сабыралиевичке таандык О 7010 Т номерлүү КИА SPORTAGE үлгүсүндөгү автоунаанын техникалык паспорту жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ХХХ

2016-жылы ОшМУ тарабынан Султанова Динара Акпаровнага берилген УВ № 160339421 каттоо № 2058 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ХХХ

ОшТУ тарабынан 2022-жылдын чечими менен Сапарбек уулу Ысакбекке берилген дипломдун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ХХХ

2021-жылы ОГПИ колледжи тарабынан Пиримкул кызы Айзирекке берилген УС ном 210018911 каттоо ном 98 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Жарыя жокко чыгарылсын

2026-жылдын 5-сентябрында №27 чи сандын 6-бетине ОшТУ тарабынан Каныбекова Бурулай Каныбековнага берилген дипломдун жоголгону боюнча берилген жарыя диплом табылгандыгына байланыштуу жокко чыгарылсын.

Ош жаңырыгы
Ош облустук коомдук-саясый гезити

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Нөөмөтчү:
М. Жуманазаров

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
Катталуу күбөлүгү
213623-3310-У-е
Жазылуу индекси:
68420

Реквизиттер:
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371
ОАО "Айыл Банк"
Бик: 135033
Р/эсеп: 1350470020053657

Дареги:
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт. Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: **7–13–34,** Жооптуу катчы: **7–10–02**
Жарнак бөлүмү: **7–11–31**
E-mail: **oshjangaz@gmail.com**

Гезиттеги спорттук материалдар КР Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлигинин медиа чөйрөдөгү мамлекеттик социалдык заказынын алкагында даярдалды

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г. Көлөмү А3 - 2 басма табак.
Тел: 0 (312) 53-00-00.

Буюртма №:1144 Нускасы: 2200

ЧОҢ-АЛАЙДА СПОРТКО КӨҢҮЛ БУРУЛУУДА

Баарыбыздын эсибизде, Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун №1 Жарлыгы "Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы" жөнүндө чыгып, аталган жарлыктын негизинде республиканын бардык аймактарында спортту өнүктүрүүгө олуттуу маани бериле баштаган. Анын катарында Чоң-Алай районду да четте калган эмес. Айыл өкмөттөрүнүн аймактарында спорт комплекстери, залдар, аянтчалары курулуп, жашоонун сергек образына үндөө, жарандардын бош убактысын спорт менен өткөрүүгө аракеттер башталган. Чоң-Алай районундагы балдар-өспүрүмдөр спорт мектебинен машыгуудан өткөн спортмендер да райондук, облустук спорттук иш-чараларга катышып, бир топ ийгилик жаратып келүүдө.

Биздин кабарчыбыздын райондук балдар-өспүрүмдөр спорт мектебинин директору Абдиманап Рыскулович Акунов менен болгон маегинин өзөгүн ушул маселелер түздү.

-Абдиманап Рыскулович, кийинки жылдарда Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров спорттун өнүгүшүнө олуттуу көңүл буруп, мамлекеттик масштабдагы иш-чаралар турмушка ашып жаткандыгынын жана мамлекетибиздин экономикасынын көтөрүлүшүнүн шарапаты менен спорт жаатында жакшы жылыштар болуп жатат. Алыскы Чоң-Алайда абал кандай?





- Туура айтасыз. Кыргыз Республикасынын Президентинин спорттун өнүгүшүнө олуттуу көңүл буруп, ири масштабдагы иш-чараларды жүргүзүүгө берген тапшырмасынын негизинде райондук мамлекеттик администрация башчысы-аким Мирбек Турдубекович Шамыркановдун көзөмөлү менен Чоң-Алай, Кашка-Суу, Жекенди айыл өкмөттөрүнүн аймактарында спорт комплекс, спорт залдар, спорттук аянтчалар курулуп, азыркы учурда 18 жаштан жогору болгон муундар бош убактысында спорт менен өткөрүүгө шарттар түзүлүп жатат.

-Ири шаарлардан алыста жайгашса да спорттун бир нече түрү боюнча талаптагыдай машыгуу жүргүзүп, бир топ ийгиликтерге жетишип келе жаткан райондук балдар-өспүрүмдөр спорт мектебинин ишмердүүлүгү боюнча маалыматтарды айтып берсеңиз?

- Биздин балдар-өспүрүмдөр спорттук мектеби спорттун волейбол, футбол, баскетбол, тогуз коргоол, жеңил атлетика, улуттук күрөш-каратэ ийримдери боюнча иш алып барат. Спорт мектепте жалпысынан 30 кызматкер эмгектенип, алардын ичинен 19 машыктыруучу жогоруда айтылган ийримдер боюнча 525 жаш жеткинчекти машыктырып келишет.

-Үстүбүздөгү жылы райондо спорт мектептин жана райондун деңгээлинде кандай спорттук иш-чаралар өткөрүлдү. Маекти ушул багытка бурсак?

-Үстүбүздөгү жылы Кашка-Суу айыл аймагына караган мектептердин улан-кыздар арасындагы командалары үчүн волейбол оюну боюнча Кубок өткөрүлдү. Андан кийин Чоң-Алай райондук балдар-өспүрүмдөр спорттук мектеби мекемесинин жабык түрдөгү биринчилик оюндары уюштурулду.

Быйылкы жылдын эң негизги иш-чара- бизде Ош облусундагы спорт мектептердин тарбияланууучу улан-кыздардын арасындагы волейбол жана футбол оюндары боюнча ачык чемпионаты өткөрүлдү. Ага Өзгөн районундагы үч, Алай, Ноокат, Кара-Кулжа, Кара-Суу райондук жана Ош шаардык спорт мектептеринин жаш спортчулары катышып, абдан кызыктуу оюн көрсөтүшүп кетишти.

-Райондун спортчулары үстүбүздөгү жылдын январдан сентябрь айына чейин кандай мелдештерге катышкандыгына кенен токтолуп, анын жыйынтыгын айтып өтсөңүз? Башкаларга стимул болсун үчүн мыкты спортчулардын ысымдарын толугу менен атай кетсеңиз?

-Быйылкы жылы март айында тогуз коргоол ийриминин машыктыруучусу Көкөев Шамшидин Өзгөн райондук балдар-өспүрүмдөр спорттук мектеби уюштурган тогуз коргоол оюну боюнча ачык чемпионатынын биринчилигине өзү машыктырган спортчулары менен катышып, командабыз 8 алтын, 8 күмүш, 1 коло медаль тагынып келишти. Аталган мелдештин командалык түрүндө кыздар командасы биринчи, балдар командасы 2-орунга чыкты. Мелдештин жеке түрүндө Ибраимова Гүлнурга 3-орун ыйгарылган.

Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгынын бекиткен "Тогуз коргоол" оюнунун биринчилик чемпионатында биздин спорт мектебинин кыздар жана балдар командалары мелдештин командалык түрүндө экөө тең 2-орунду камсыздап келишти. Жаш курак боюнча Ош облусунун биринчилигинде кыздар арасында Атамкулова Феруза I, Ибраимова Гүлнур II, Атамкулова Раяна менен Пайзидинова Хабиба III орун, Балдардын арасынан Пайзидинов Али-Шер I, Абдрашитов Умар II, Исманова Сумая менен Абдрашитов Умар II, Шүкүрова Мадина менен Авазов Исхак III-орунга татыктуу болгон. 1-орунду ээлеген Атамкулова Феруза менен Пайзидинов Али-Шер Таласта өтө турган республикалык медешке жолдомо алышты.

Апрель айында болуп өткөн таэквон-до ИТФ боюнча Ош облусунун ачык биринчилигине каратэ ийриминин машыктыруучусу Жанаев Медет баштаган команда катышып, бул мелдеште спортчуларыбыз Рыскулов Элдос 1-орунду ээлеп- алтын, Кенжебаев Даниель 2 орунду ээлеп-күмүш, Жалалидинов Искен, Аблималиков Али жана Жунусов Байсалдар 3 орунду багындырып, коло медаль тагынды.

Түштүк региону боюнча жеңил атлетика Федерациясынын макулдугу менен Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгы бекиткен жобого ылайык 2009-2013-жылдардын аралыгында туулган улан кыздар-арасында өткөрүлгөн спорттук иш чарага жеңил атлетика ийриминин машыктыруучулары Саитов Апызбек, Гапаров Эргешали, Камалидин уулу Токтобек машыктырган спортчулар катышып, алардын ичинен Нурмаматов Жоодар 100 метрге чуркоодо - алтын, Мыктазбеков Умарали 200 метрге чуркоодо - күмүш медаль утуп келишти. 200 метрге чуркоодо Нурмаматов Жоодар, Мыктазбеков Умарали жана 400 метрге чуркоодо Чжоева Ырысбүбү, 800 метрге чуркоодо Абдразакова Махабат, 3000 метрге чуркоодо Белеков Альазим III орунду ээлешип, 5 коло медаль тагынып келишти. Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгы демилгелеген "Мен Чемпионмун" деп аталган мелдеште Белеков Альазим экинчи, Аскарбеков Махмуд менен Таабалдиев Руслан 3-орунду ээледи. Жалпысынан алганда 1 күмүш, 2 коло медаль тагынышты.

Июнь айында Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгы жана грэплинг федерациясы менен биргеликте уюштурулган "INTERNATIONAL GRAPLING CHAMPIONSMP" мелдешине биздин балдар-өспүрүмдөр спорттук мектебинин каратэ ийриминин машыгуучулары катышып, алар 2 алтын, 3 коло медаль тагынышты. Мелдештин жыйынтыгында 57 кг салмактагы Абжалилов Нурлан менен 25 кг салмактагы Жанаев Абдулла 1-орунду, 57 кг салмактагы Галдарбеков Жакшылык 57 кг салмактагы Рыскулов Элдос, 28 кг салмактагы Галдарбеков Мухамедумар 3-орунду багындырышып кайтышты.



Ош облустук каратэ федерациясы жана Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгы биргеликте өткөрүлгөн Алымбек датка Асанбий уулунун 225 жылдык мааракесине карата «Каратэ WKF» эл аралык мелдешине райондук балдар-өспүрүмдөр спорттук мектебинин М.Жанаев жетектеген ийримдин окуучулары барып катышып, анын жыйынтыгында балдар арасында спорттун кумитэ түрү боюнча 47 кг салмактагы Жунусов Байсал менен 52 кг салмак боюнча Акматалиев Ариет II орунду, 55 кг салмак боюнча Рыскулов Элдос менен 45 кг салмактагы Жалалидинов Искендер III орунду ээлеп, алар медаль, грамота менен сыйланышты.

-Мезгилдин машыктыруучуларга койгон талабы жогору. Тоолуу райондун сыймыгы болгон, Чоң-Алайдын атагын алыска чыгарган машыктыруучулардын ысмын атай кетсеңиз?

-Биздин спорт мектептин машыктыруучулары өз ишине жоопкерчилик менен мамиле жасаган кесипкөй адистер деп айтсам аша чапкандык эмес. Анткени, алар коюлган талаптарды өз убагында, так аткарып, райондо өткөрүлгөн ар кандай спорттук иш-чараларга активдүү катышып жүрүшөт. Облустук масштабдагы спорт жаатында уюштурган тренигдерге да үзбөй барышат. Калк арасында кара кылды как жарган калыстар катары кадыр--барктары жогору. Алардын аты-жөнүн атай кетсек: волейбол боюнча улук машыктыруучу Эгембердиев Зайирбек баштаган Курманбаев Махмаямин, Маматкарим уулу Абдыкалык, Сапарали уулу Курсанали, Мойдунов Сталбек, Маатазимов Бакай, тогуз коргоол оюну боюнча тажрыйбалуу машыктыруучу Көкөев Шамшидин, Улуттук күрөш машыктыруучусу Жанаев Медетбек, футбол ийриминин машыктыруучулары Бөкөбаев Сүйүнбай, Рахматжанов Расул, баскетбол боюнча машыктыруучу Мамажакып уулу Үмөтали жана жеңил атлетика ийриминин улук машыктыруучусу Саитов Апызбек баштаган Гапаров Эргешали, Казакбай уулу Мыктыбек, Абдыкалык уулу Айтбай, Камалидин уулу Токтобек, Максаткул уулу Жакшылык.

-Алыстагы айылдарга спорт жетпей, элет жериндеги балдарыбызга толук кандуу көңүл бурулбай жаткандай. Аны чечүү үчүн сиздерде кандай аракеттер жасалып жатат?

- Айтканыңыз туура, биздин райондун айылдары чачкын, райондун борборунан алыс жайгашкандыктан аларды толук камтый албай жатабыз. Бирок аракети, кызыгуусу, келечеги бар жаштарды биздин мектептин машыктыруучулары сабактан сыртКаркы убактарда машыктырышып, спорттун түрүнө жараша ар түрдүү жолдоштук беттештерди өткөрүшүп турушат. Айыл жергесинде жүргөн мындай мыкты балдарды райондук, облустук, республикалык жана Азия мелдештерге чейин алып чыккан мисалдар бар.

-Кийинки жылдарда мамлекет тарабынан адаптивдүү жана паралимпиялык спорттун түрлөрүн өнүктүрүүгө көңүл бурулуп жатат. Сөз багытын ушул тарапка бурсак?

-Биздин райондо адаптивдүү жана паралимпиялык спорт толук кандуу өнүктү деп айтсак, калыстыктан тайган болуп калабыз. Ошентсе да даталуу күндөрдө, майрамдарда паралимпиялык спорттун түрлөрү боюнча атайын уюштурулган спорттук иш-чаралар өткөрүлүп, ага машыктыруучулар калыстык кылышат. Жеңүүчүлөрүнө спорт мектептин бюджетинен сыйлыктар коюлуп, мындай жарандарыбызга майрамдык маанай тартуулоого аракет кылабыз.

Маектешкен:
Төлөнбай Абдыразаков.